жеткен студенттер аз болгону менен алар 200-220 сөздөн турган диктанттарды кыйналбай жазууга, текстте керектелген артиклдерди туура коюуга, изложение жазууда ашыкча ката (беш катага жетпеген) кетирбегенге, сабакта студенттер үчүн көрсөтүлгөн фильмдердин үзүндүлөрүн англисче жазма кептик тексттер аркылуу баяндап берүүдө жазма кептик көндүмдөрүн колдонуп, эксперименттин натыйжалуу жүргөнүн ырасташты.


**Колдонулган адабияттар тизмеси:**

1. **Сафонова, В.В.** Социокультурный подход к обучению иностранному языку как специальности [Текст]: дис. ... д-ра пед. наук / В.В.Сафонова.- М.: МИРОС, 1992. - 528 с.
2. **Гальскова, Н.Д.** Теория и практика обучения иностранным языкам. Начальная школа: методическое пособие [Текст] / Н.Д. Гальскова, З.Н. Никитенко. - М.: Айрис-пресс, 2004. - 240 с.
3. **Митягина, В.А.** Коммуникация и перевод в эпоху глобального поликультурного информационного пространства [Текст] // Подготовка переводчика: коммуникативные и дидактические аспекты: коллективная монография / под общ. ред. В.А. Митягиной.- М.: Флинта. Наука, 2012. - 304 с.
4. **Панфилова, А.П.** Игровое моделирование деятельности педагога: учеб. пособие для студентов высш. учеб. заведений[Текст] / А.П.Панфилова.- М.: Академия, 2006. -364 с.
5. **Сафонова, В.В.** Социокультурный подход к обучению иностранному языку как специальности [Текст]: дис. … д-ра пед. наук / В.В.Сафонова.- М.: МИРОС, 1992. - 47 с.
6. **Соловова, Е.Н.** Методика обучения иностранным языкам [Текст]: продв. курс: пособ. для студ. пед. вузов и учителей. 2-е изд. / Е.Н.Соловова.- М.: Астрель, 2010. - 272 с.
7. **Полат, Е.С.** Новые педагогические и информационные технологии в системе образования[Текст] / Е.С. Полат.- М.: Академия, 2003.- 272 с.
8. **Соловова, Е.Н.** Методическая подготовка и переподготовка учителя иностранного языка: интегративно-рефлексивный подход: монография [Текст] / Е.Н.Соловова.- М.: ГЛОССА-ПРЕСС, 2004.- 336 с.


Поступила в редакцию: 15.10.2024 г.

**УДК 371.13**

***Мамбетова Н.С.***

*аспирант Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## ГЕОМЕТРИЯ ПРЕДМЕТИН САНАРИПТЕШТИРИП ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮККӨ КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Макалада изилдөө предмети катары геометрия предметин санариптештирип окутууда окуучуларды чыгармачылык ишмердүүлүккө калыптандыруу жараяны каралды. Изилдөөнүн максаты - геометрия предметин санариптик окутуу ресурстарын пайдаланып окутууда окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнө тийгизген таасирин аныктоо. Изилдөөдө талдоо, сурамжылоо, байкоо жана салыштыруу сыяктуу илимий методдор колдонулган. Изилдөөнүн натыйжасында 9-класстын окуучуларынын 75% пайызы чыгармачылыкта иштешкендиги аныкталган. Өз алдынча тапшырмаларды чыгармачылыкта 89% пайызы аткарышкан. Геометрия предметин санариптештирип окутууда окуучулардын предметке болгон кызыгуусу жана жаратмандыкка мыкты шыктануусу пайда болгону көрсөтүлгөн. Окуучуларды заман талабына карап окутуу жана салттуу окутууну санариптештирүү абдан маанилүү экендиги аныкталган. Мектепте математика каналарын жаңыча интерактивдүү панел, компьютер, планшет же ноутбуктар менен камсыз кылуу сунушу берилген. Мугалимдердин заманбап санариптик билим берүү тиркемелери менен иштөө деңгээлин жогорулатууну жана алар үчүн шарттарды түзүүнү тез арада колго алуу зарылдыгы белгиленген.*

***Ачкыч сөздөр:*** *геометрия; санарип; видео сабак; презентация; билим берүү; чыгармачылык; заманбап; окуучулар; мектеп; ишмердик.*

## ФОРМИРОВАНИЕ У УЧАЩИХСЯ ТВОРЧЕСКОЙ АКТИВНОСТИ В ОЦИФРОВАННОМ ПРЕПОДАВАНИИ ГЕОМЕТРИИ

*В статье рассматривается процесс формирования у учащихся творческой активности при оцифрованном преподавании геометрии как предмета исследования. Цель исследования - определить влияние геометрии на творческую деятельность учащихся при преподавании предмета с использованием цифровых учебных ресурсов. В исследовании использовались научные методы, такие как анализ, опрос, наблюдение и сравнение. Исследование показало, что 75% учеников 9-х классов проявляют творческий подход. В творчестве 89% выполняли самостоятельные задания. Цифровое преподавание геометрии показывает, что учащиеся проявляют большой интерес к предмету и творческий энтузиазм. Было установлено, что обучение учащихся в соответствии с требованиями времени и оцифровка традиционного обучения очень важны. В школе было предложено предоставить математические каналы по-новому с помощью интерактивных панелей, компьютеров, планшетов или ноутбуков или смартфонов. Отмечена необходимость скорейшего принятия мер по повышению уровня взаимодействия учителей с современными цифровыми образовательными приложениями и созданию для них условий.*

***Ключевые слова:*** *геометрия; цифровой; видео урок; презентация; образовательный; творческий; современный; ученики; школа; деятельность.*

## FORMATION OF STUDENTS' CREATIVE ACTIVITY IN THE DIGITIZED TEACHING OF GEOMETRY

*In this article examines the process of formation students' creative activity in the digitized teaching of geometry as a subject of research. The purpose of the study is to determine the influence of geometry on the students creative activity in teaching a subject, using digital educational resources. The study used scientific methods such as analysis, survey, observation and comparison. The study showed that 75% of 9th grade students are creative. In creative work, 89% performed independent tasks. Digital geometry teaching shows that students show great interest in the subject and creative enthusiasm. It was found that educating students in accordance with the requirements of the time and digitizing traditional learning are very important. It was recommended to provide mathematical channels in a new way using interactive panels, computers, tablets or laptops, noted that it is necessary to take measures as soon as possible to increase the level of interaction of teachers with modern digital educational applications and create conditions for them.*

*Keywords: geometry; digital; video lesson; presentation; educational; creative; modern; students; school; activity.*

Акыркы мезгилде билим берүү тармагында жаңы «тренд» катары санариптештирүү көзгө урунат. Кылымдын адиси, адамдардын жана идеялардын катуу атаандаштык доорунда, чыгармачыл ой жүгүртүүгө, стандарттуу эмес чечимдерди кабыл алууга жана алар үчүн жоопкерчиликтүү болууга жөндөмдүү жогорку кесипкөй, санарип инсанды калыптандыруу башкы максаттардын бири болууда. Ошондуктан, бизге заманбап технологияларды колдонуунун жүрүшүндө окуучулардын чыгармачылык ишмердигин калыптандыруу, келечектин мыкты санарип адисинин пайдубалын мектептин предметтеринде куруу, билим берүүнүн актуалдуу көйгөйү болуп саналат.

Мектептин математика курсун түзгөн окуу дисциплиналарынын ичинен геометрия өзгөчө орунду ээлей тургандыгын маани берип келгендер жок эмес: анткени ал сезимдик жана рационалдуу билимди, абстракттуу жана конкреттүү билимди, образдуу жана логикалык ой жүгүртүүнү, индуктивдүү жана дедуктивдүү ой жүгүртүүнү органикалык түрдө бириктирет. Академик А.Д. Александровдун айтымында, геометриянын айырмалоочу өзгөчөлүгү - анда "эң күчтүү логика визуалдык чагылдыруу менен айкалышкан... элестетүү геометриялык фактыны түздөн-түз көрөт жана сунуш кылат, логика анын туюнтмасы жана далили, ал эми логика фантазияга тактык берет жана байланыш логикасына керектүү сүрөттөрдү жаратууга багыттайт" [1], -деп белгилеп кеткендей, геометрияны санариптештирип окутууда окуучулардын чыгармачылыгына тийгизген таасирин изилдедик.

Геометриялык билим берүүдө, окуучулардын практикалык багыты геометриялык иш-аракеттердин негизинде калыптанып, фантазиянын өнүгүшүндө, окуучулардын

геометриялык көз карашында жана ой жүгүртүүсүндө чыгармачылык калыптанат-деп окмуштууларыбыз өз изилдөөлөрүндө аныкташкан. Чындыгы албетте бар, анда каршылык жок. Ошондой болсо да учурдун талабы карап окуучулардын чыгармачылыгын калыптандырууга башкача жандануу талапка ылайык келчүүдөй. Анкени, глобалдуу өзгөрүү жүрүп жаткан шартта окуучуларды салттуу окутуу менен чектөө, алар үчүн сабак кызыксыз жана башка көйгөйлөр да тоскоолдуктарды пайда кылууда:

- улуу муун менен жаңы муундун ортосунда келишпестиктер;
- мектептерде жетиштүү түрдө заманбап маалыматтык технологиялар менен жакшы жабдылбагандыгы;
- класстагы окуучулардын санынын ашыкча көптүгү;
- мугалимдердин жана окуучулардын санариптик жана медия сабаттуулугу боюнча;
- геометрия предметине карата кыргыз тилинде чыгармачылыкка аталган адабияттар жокко эсе жана башка.

Учурда билим берүү чөйрөсүн санариптештирүү менен байланышкан заманбап инновациялык технологияларды иштеп чыгууга жана окуу процессинде колдонууга көп көңүл бурулуп жатканы белгилүү.

Ошолордун бири, Кыргызстанда адистештирилген маалымат-издөө порталы БИЛИМ БЕРҮҮ.KG (http://obrazovanie.kg/) калкка акысыз маалыматтык кызматтарды көрсөтүү үчүн түзүлгөн. Портал төрт сегментти камтыйт: мектепке чейинки, мектептик, кесиптик жана дипломдон кийинки билим берүү. Бул ресурста бардык окуу жайлардын каталогу камтылган: мектепке чейинки балдар мекемелери, балдарды өнүктүрүү борборлору, мектептер, гимназиялар, лицейлер, окуу-тарбия комплекстери, колледждер, техникумдар, университеттер, институттар жана академиялар [2].

Геометрияны окутууда компьютердик технологияларды колдонуу проблемасына мектепте, педагогикалык жогорку окуу жайларында В.П. Дьяконова, Э.И. Кузнецова, П.А Корнилов, А.Далингср, Ж.М. Лаборде, М.М. Майорова, В.Р. Майер, В.Б. Гисин, М.Н. Марюкова жана башкалар иш алып барышкан. Ошентип, Ярослав мамлекеттик педагогикалык университетинин изилдөөчүлөр жамааты: В.М. Майоров, П.А. Корнилов жана башкалар геометрия курсунун негизги бөлүмдөрү боюнча окуу-методикалык колдонмолорду, белгилүү бир программалык камсыздоону колдонуу менен практикалык жана лабораториялык сабактарга методикалык көрсөтмөлөрдү түзүүнүн үстүндө иш алып барышкан.

Мектеп окуучуларынын мейкиндик ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн компьютердик графиканы колдонуунун формаларын жана методдорун иштеп чыгуу проблемаларынын үстүндө жана педагогикалык ишмердүүлүк процессинде геометрияны өздөштүрүүдө компьютерди таанып билүүнүн куралы катары колдонуу маселелери менен узак убакыт бою Красноярск мамлекеттик педагогикалык университетинин изилдөөчүлөрү В.Р. Майер, С.П. Царев, С.А. Анищенко жана башкалары ишмердигин жүргүзүшкөн. Геометрияны өздөштүрүү процессине компьютердик окутуу программаларын киргизүү методикасы боюнча активдүү иштер М.Г. Мехтиевдин жетекчилиги алдында Дагестан мамлекеттик университетинде жүргүзүлүп келүүдө [3].

Чыгармачылык маселесин көптөгөн ата мекендик изилдөөчүлөр: С.М. Мадраимов, М.А. Сатыбекова, С. Шентүрк, И.Б. Бекбоев, Б.М. Биймурсаева, А.Э. Байсеркеев, Д.А.Тагаева жана башкалар орто мектептин окуучуларына карата эмгектерди жаратышкан.

Чет өлкөлүк изилдөөчүлөр: С.Л. Рубинштейн, Л.С. Выготский, П.Торренс, Я.А. Пономарев, Д.Б. Богоявленская, Д.Гилфорд, Н.Н. Субъяков, Д.Смит, А.М. Астряб жана башкалар окуу процессине карата чыгармачылыкты ал үчүн сапаттык жаңы баалуулуктарды

жаратууга багытталган адамдын ишмердүүлүгүнүн формасы катары аныктоо керектигин мисалдарында белгилеп кетишкен.

Чыгармачылык ишмердүүлүгү - бул эң оболу өздүк активдүүлүк, башкача айтканда бул жерде ой жүгүртүү ишинин өзгөчөлүктөрү гана эмес жаңылык, болжоо, интуиция, ошондой эле чыгармачылыкка болгон ички стимулдун өзгөчөлүктөрү болгон кызыгуу, кумарлануу, эрк, максатка умтулуу жана башкалар маанилүү. Чыгармачылык жөндөмдүүлүктөр активдүү, жемиштүү иш-аракеттерде гана байкалат [4]. Ошондуктан, учурдун Z-муундарынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө карап окуучулардын чыгармачылык ишмердиктерин уюштурууну санариптик билим берүүдөн багытоо маанилүү.

Жаңы (Z) муундардын бүгүнкү күндө чыгармачыл инсан болуп калыптанышынын булагы заманбап ишмердүүлүктө окутуу болуп саналат. Бул адамдын өнүгүүсүнүн негизги жолу. Чыгармачылыкка калыптанышын камсыз кылган факторлорду санариптик ресурстар менен айкалыштырууда мыкты натыйжага жетишибиз, бирок туура уюштурулган технология маанилүү.

Анда эмесе, мектеп геометрия предметин окутуу учурунда класстык сабакта санариптик билим берүү ресурстарын колдонуу учурларына токтолобуз.

Тегиздиктеги жана мейкиндиктеги геометриялык фигураларды 2D жана 3D графикалык программалар аркылуу окуучуларга кыймылдуу (анимация) формада жана презентацияларда түшүнүктөрдү берүү, мультимедиялык, видеосабактар, презентациялоо окуучулар үчүн кызыктуу жана түшүнүктүү уюштуруу сабактын этаптарында каралды [5].

Санариптик окутуу тиркемелердин жардамында геометриялык фигуралардын, телолордун сүрөттөрүн тартуу, алардын моделдерин жасоо аркылуу балдардын геометриялык түшүнүктөрүн бекемдеп, билимин жана ой-жүгүртүүсүн өстүрүүгө, чыгармачылык ишмердигин уюштурууга басым жасалды [6].

Санарип сабактарга ылайыктуу видеоматериалдарды ар түрдүү билим берүү ресурстарынан табууга болот – "Знайка", "Үч портал", ж.б. Эгерде мугалим чыгармачыл жана окутууга адаттан тыш мамиле жасаса, сабактарды видеого тартуу жөндөмүнө ээ болсо, анда ал өзү мазмундуу түзө алат. Бирок, математика сабагында окуучуларга видео сабакты жөн эле көрсөтүү үчүн эмес, алар роликтин көрсөтүлгөн материалдарын кылдат изилдөөгө жана аларга алдын ала берилген тапшырманын натыйжасын табууга түрткү болгону үчүн берүү керек [7] экендигин белгилеп кетебиз.

9-класстын программасында берилген темалардан «Көп грандыктар жөнүндө түшүнүк» аттуу теманы GeoGebra тиркемеси, презентация, видео сабак, мультимедияларды колдонуу менен сабактар өтүлдү (1-сүрөт). Сабакта негизинен системалуулук сакталат




1-сүрөт. GeoGebra тиркемесиндеги пирамиданын сүрөттөлүшү

GeoGebra - билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн геометрия, алгебра, таблицалар, графиктер, статистика жана арифметиканы камтыган акысыз платформалык динамикалык математикалык программа. Программа камтылган буйруктардын эсебинен функциялар менен иштөө мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Учурда билим берүү булактарынын негизинде геометрияны окутуу менен бирге балдардын чыгармачыл потенциалын колдонуу менен чырмачылык ишмердүүлүгүн калыптандыра билүү максатка ылайыктуу болчудай.

Окуучулар, интернет булактарынан MOZAIK тиркемесин (2-сүрөт) кызыгуу менен кабыл алышып жаңы билимди өздөштүрүү менен бирге жаратмандыкка мыкты шыктануусу пайда болгонун өз алдынча иштеринеде чыгармачылык жумуштарында көрсөтүштү.




2-сүрөт. MOZAIK тиркемеси

Изилдөөдө, төмөндөгү жыйынтыктарга ээ болдук. 9-класстын окуучуларынын сабак учурда 75% пайызы чыгармачылыкта иштешкендиги аныкталган. Ал эми өз алдынча тапшырмаларды окуучулардын 89% пайызы чыгармачылыкта аткарышкан (3-сүрөт). Ошентип, алдынкы чыгармачылык иши менен кийинки чыгармачылык иштерин салыштырдык.




3-сүрөт. Сабак учурдагы тапшырмалардын жыйынтыгы.

Санариптик тиркемелердин жардамында геометрияны окутуу ар кандай геометриялык объектилер менен байланышкан интеллектуалдык-практикалык иш катары уюштурулуп, геометриялык түшүнүктөр аркылуу кругозорду, фантазияны, көрөгөчтүктү, туюмду өнүктүрүүгө багыттоого болот. Бул жерде изилдөө предмети окуучулардын чыгармачылык ишмердигинин иш-аракеттеринде геометриялык телолордун арасындагы байланыштарды куруу болду.

Геометриялык объекттердин сүрөттөрү окуучунун аң-сезиминде алар көргөн анимациялуу фигуралар жана практикадагы иштин натыйжаларынын табигый чагылышы катары пайда болот. Окуучулар практикада эсинде сакталган сүрөттөр боюнча сегменттердин, бурчтардын, үч бурчтуктардын, квадраттардын ж.б. фигуралардын макеттерин пайдаланып ылайыктуу материалдан көп грандыктардын түрлөрөн смартфондорунда кызыгуу менен жасашты. Андан соң берилген өз алдынча тапшырмаларды жаратмандыкка көмөкчү материалдар жардамында катуу кагаздан, картондон, пластик материялдан, жыгачтан ар кандай геометриялык телолорду жасап келишкен жана смартфондордун жардамын да колдонушкандыгын айтып өтүштү.

Чыгармачылык процессти уюштуруунун ийгилиги көбүнчө туура түзүлгөн атмосферадан көз каранды. Сабакта эмоционалдык фонду позитивди түзүү керек.

Окуучуларга көйгөйдү берүү алдында чыгармачылык иш үчүн күндөлүгүнө жана журналга баа коюлбашын эскертип коюу маанилүү.

Өзгөчө бул жагдайдан этият болуу сунушталат. Алардын пикири боюнча, акылсыз жооп бериштен окуучулар коркушат, анткени, мугалимдин, досторунун көз алдында кемсинип калышы мүмкүн.

Ар кандай окуучулардын жыйынтыктарын бири-бирине салыштырбоо керек, Чыгармачыл өнүгүүнүн динамикасы ошол эле окуучунун мурунку натыйжаларына карата гана аныкталат. Бул окуучулар үчүн да абдан кызыктуу, андыктан балдарга сунушталган иш алардын чыгармачылыгын жекече өстүрүүгө багытталганын башынан эле билгени жакшы. Алдынкы класстагы чыгармачылык ишмердүүлүгү менен өз алдынча берилген, сабактан тышкаркы чыгармачылык ишмердиктерин салыштыруу менен окуучулардын жаратмандыкка болгон ылдамдыгын аныктап турсак болот.

Акыркы маалыматтык технологияларды колдонууда геометрия сабагын жакшы өздөштүрүүгө айрыкча, тегиздиктеги, мейкиндиктеги фигуралардын касиеттерин үйрөнүүдө ой жүгүртүүсүн өстүрүү менен чыгармачылыгы калыптанып барышына ишенип кетебиз [8].

Мындан тышкары, ар бир мугалим өз алдынча, чыгармачылыкка тапшырмаларды түзүшү керек. Бирок, алардын бардык милдеттери, жок эле дегенде, төмөнкү талаптарга жооп бериши маанилүү. Талаптар:

- чыгармачылык тапшырманын предметтик мазмуну программанын мазмунуна ылайык келүүгө тийиш;
- маселенин шартына окуучулардын фантазиясын стимулдаштыруу үчүн белгисиздиктин элементтери киргизилиши керек: акыркысы аларды өз алдынча толуктап, баштапкы маалыматтарды божомолдоп, ойлорунун багытын аныкташы керек болот;
- чечүүнүн бирден-бир туура жолунун жоктугу-тапшырманы иштеп чыгуу окуучу кайсы вариантты тандоону өз алдынча аныктай ала турган бир нече чечим жолдорунун мүмкүнчүлүгүн камтышы керек;
- окуучуну ой жүгүртүүгө, ал үчүн жаңы идеяларды жана ой жүгүртүү ыкмаларын генерациялоого, иштеп чыгууга түрткү берүүчү жашыруун же ачык карама-каршылыктардын болушу;
- тапшырманын баяндалышынын кыскалыгы, тактыгы, ошондой эле окуучу убакыттын жетишсиздигин сезбеши жана өзүндө болгон креативдик потенциалды көрсөтө алгыдай татаалдыктын деңгээли боюнча аны чечүүгө бөлүнгөн убакыттын дал келиши.

Мындай маселелерди чечүү үчүн 10-12 мүнөт бөлүп берүү мүмкүн (сабактын аягында, анткени сабактын башталышында чыгармачылык издөө процесси анын жүрүшүн күтүүсүз өзгөртө алат, бул адатта мугалимдер тарабынан билим берүү программасын ишке ашыруу ритмин так сактоо зарылдыгынан улам жактырылбайт). Көрсөтүлгөн кичинекей убакыт чыгымдары мугалимге окуу программасын өздөштүрүүгө зыян келтирбестен сабакта чыгармачылыкты өнүктүрүүгө көңүл буруута мүмкүндүк берет [9].

## Жыйынтыктар:

1.Изилдөөнүн натыйжасында 9-класстын окуучуларынын 75% пайызы чыгармачылыкта иштешкендиги аныкталган. Өз алдынча тапшырмаларды чыгармачылыкта 89% пайызы аткарышкан. Геометрия предметин санариптештирип окутууда окуучулардын предметке болгон кызыгуусу жана жаратмандыкка мыкты шыктануусу пайда болгонун байкоого болду;

2. Окуучуларга геометриялык билим берүүдө салттуу окутуунун элементтерин санариптештирүү менен айкалыштыруу абдан маанилүү экендигин белгилеп кетебиз, анткени изилдөөлөрдө окуучулардын предметке болгон кызыгуусу активтешип жана чыгармачылыгын калыптандырууга өбөлгө болоору аныкталды;

3. Мектептерди бирдей деңгээлде (айыл, шаар, жеке мектеп, мамлекеттик мектеп ж.б.) математика кааналарынын доскаларын акыркы үлгүдөгү интерактивдүү панелдер менен жаңылөөну жана окуучулар үчүн, компьютер, планшет, ноутбуктар менен камсыз кылууну, же смартфондорун сабак үчүн колдонууга уруксат берүүнү, ошондой эле мугалимдердин заманбап санариптик билим берүү тиркемелери менен иштөө деңгээлин жогорулатууну, алар үчүн шарттарды түзүүнү тез арада колго алуу зарылдыгын белгилеп жана сунуштап кетебиз.

## Колдонулган адабияттар тизмеси:

1. **Александров, А.Д.** О геометрии [Текст] / А.Д. Александров // Математика в школе. -1980. – № 3. – С. 56-62.

2. **Чотурова, У.А.** Медициналык коллеждин окуу процессинде заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу [Текст] / У.А.Чотурова, Г.Б.Жээнбекова, А.Ж.Самсиева. // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУМУ, 2023.- №3. – С. 223-232.
3. **Васильевна, Т.Р.** Формирование познавательной самостоятельности учащихся общеобразовательных школ при обучении стереометрии [Текст]: Автореф. дис. ... канд. пед.наук: 00345670 / Т.Р.Васильевна.- Ярославль, 2008.
4. **Воробьев, Н.Е.** Развитие творческой активности студентов при изучении дисциплин гуманитарного цикла (на примере преподавания иностранного языка в неязыковом вузе) [Текст]: монография / Н.Е. Воробьев, Э.Ю. Мизюрова. – Волгоград: Перемена, 2001. – 184 с.
5. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-9-класстар үчүн «Математика» боюнча предметтик стандарт.- 2020.
6. **Мамбетова, Н.С**. Использование цифровых ресурсов на уроках геометрии [Текст] / Н.С. Мамбетова, Т.И. Анисимова // Общество: социология, психология, педагогика. - 2023.- № 8.- С. 136–143.
7. **Жээнтаева, Ж.К**. Методика использования цифровых видео материалов в практике работы учителя информатики и математики [Текст] / Ж.К. Жээнтаева, Н.С. Мамбетова, К.Э. Мурзахан // Сборник мат. IV Межд. научно-практ. конф., посвященной памяти академика РАН К.А. Валиева, Елабуга, 19 января 2024 года. – Казань: КФУ, 2024. – С. 118-122.
8. **Мамбетова, Н.С.** Геометрия сабагында санариптик окутуу ресурстарын колдонуу технологиясы [Текст] / Н.С. Мамбетова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУМУ, 2023.- №3. – С. 243-252.
9. **Оржековский, П.А.** Развитие и оценка творческих способностей учащихся на уроках в условиях цифровизации непрерывного образования [Текст] / П.А.Оржековский, С.Ю.Степанов, И.Б.Мишина // Непрерывное образование: XXI век. – 2020. – Вып. 3 (31). − DOI: 10.15393/j5.art.2020.6044.

Поступила в редакцию: 21.11.2024 г.

**УДК 37.013**

***Израйилова А.А.***
*аспирант Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Укуева Б.К.***
*д. п. н., профессор Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## КОМПЮТЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ МЕНЕН АНГЛИС ТИЛИ ПРЕДМЕТИН ОКУТУУДА НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ТЕКШЕРҮҮ МЕТОДИКАСЫ

*Жумушта англис тилин окутуу боюнча тесттерди түзүүдө текшерилүүгө тийиш болгон билимдерди, көндүмдөрдү белгилеп чыгуу, белгиленген текшерилүүгө тийиш болгон билимдерди жана тапшырмаларды жөнөкөйдөн татаалыраагына карата белгилүү ырааттуулукта текшерүү үчүн жайгаштыруу, тапшырмалардын формасын аныктоо, тест үчүн материалдарды жыйноо, окуучулардын каталарын анализдөө, дистракторлорду тандап алуу тапшырмаларды жана аларга жоопторду талдоо үчүн статистикалык материалды чогултуу маселелери камтылган. Изилдөө Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин базасында жүргүзүлүп ага филология адистиги боюнча билим алып жаткан биринчи курстун студенттери жана англис тили предметинин окутуучулары тартылган. Иштин максаты англис тилин үйрөтүүдө тесттик маселелердин ролун аныктоо менен педагогикалык багытта окуган студенттерде чет тили сабагындагы граматика жана орфографияны окутуунун методикасын өнүктүрүү. Тил үйрөтүүнүн ар кандай сабактарында бир катар терминологияларды оозеки формада түшүнүү бир топ кыйынга турат. Чет тилин үйрөтүүдө тесттерди колдонуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатат. Тесттерди түзүү ыкмалары ар кандай критерийлерди талап кылат. Изилдөөнүн жыйынтыгында англис тилин окутууда тесттерди туура түзүү этаптары аныкталды.*

***Негизги сөздөр:*** *педагогика; баалоо; методика; коммуникативдик; лингвистика; дистрактор; тест; баяндама; эксперимент.*